# Биология

## PISAга багытталган тест

## 5 - класс

| **Тапшырма 1/2**<br>*Оң тараптагы текстти окуп чыккыла.*<br>Берилген жагдайда Жан Анри Фабр кайсы ыкманы пайдаланып жаратылышты изилдеген?<br>***Бир гана туура жоопту тандагыла:***<br>А) ченөө<br>Б) гипотеза<br>В) байкоо<br>Г) тажрыйба | **Улуу урматтуу аары**<br><br>Таң эрте жүзүм жыйноочулар өз жумуштарына бара жатышкан. Жолдон алар чоң, кара калпактуу адамды байкап калышты. Ал адам ылдый эңкейип алып, бир нерсени карап жаткан эле. Жүзүм жыйноочу аялдар жумуштан кайтып келе жатып, баягы киши, ошол жерде, мурункудай эле абалда турганын көргөндө кандай гана таң калышты. Бул табышмактуу адам ким жана ал күн кечке бул жерде эмне менен алек болду? Бул мыкты инсан француз окумуштуу-энтомологу Жан Анри Фабр эле. Ошол күнү ал жолдун жанынан өзүнө уя салып жаткан кичинекей аарынын жүрүш-туруш, адаттарын изилдеп жаткан. Айта кете турган нерсе, Фабр курт-кумурскаларды изилдөөгө өзүнүн бүт өмүрүн (1823-1915) арнаган. Ал дүйнө жүзүндөгү курт-кумурскаларды эң мыкты билген инсан. Фабр ачылыштарын өз китептерине баяндап жазып калтырган, анын бул эмгектери ар кайсы өлкөлөрдөгү жаратылыш сүйүүчүлөр менен окумуштууларды бүгүнкү күнгө чейин дагы суктандырып келет.<br><br>Жан Анри Фабр<br>окумуштуу-энтомолог |
|---|---|

| **Тапшырма 2/2** | **Улуу урматтуу аары** |
|---|---|
| *Тапшырманын оң тарабындагы текстти окуп чыккыла.*<br>Аарыга чактырып албаш үчүн кадимки аарыны шылдыр чымындан кайсы белгилери боюнча айырмалоого болот?<br>***Бир гана туура жоопту тандагыла:***<br>А) өңү<br>Б) канаттарынын саны<br>В) дене түзүлүшү<br>Г) буттарынын саны | Жаратылышта сырткы келбети боюнча аарыны элестеткен курт-кумурскалар болот-бул шылдыр чымындар. Булар Антарктида, чөлдүү аймактар жана тундрадан башка жерлердин бардыгында жашашат. Аталышы канаттарынан чыккан мүнөздүү үнүнө карата айтылып калган. Мындай темгилдүү, аарыга окшош курт-кумурскалар адамдарга эч зыян келтирбейт. Чымындарды бакчадагы укроп, сабиз, гүлдөөчү өсүмдүктөрдүн жанынан көрүүгө болот. Жетилген шылдыр чымындар гүлдөрдүн нектарлары (таттуу суюктуктары), чаңчалары менен гана азыктанышып, чаңдаштыруучу курт-кумурскалардын ичинен алдыңкы орунда турушат. Биринчи караганда шылдыр чымындар сырткы көрүнүшү боюнча аарыларга өтө окшош, алардын аарыны тuураган (имитация) өңү шылдыр чымындарды ири курт-кумурскалардан жана канаттуулардан сактайт.<br> <br>Аары Шылдыр чымын |